**Класстык саат** **Текшерилди:**

**Класс:7-А класс**

**Өтүү күнү:**

**Сабактын темасы: Тамеки чеккениң- өзүңдү жегениң**

| **Негизги компетенттүүлүк** | **Предметтик компетенттүүлүк** |
|---|---|
| НК 1. Маалыматтык | ПК 1. Тил таануучулук |
| НК 2. Социалдык коммуникативдик | ПК 2. Кептик(коммуникативдик) (оозеки) |
| НК 3. Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү | ПК 3. Маданият таануучулук (тарбиялык) |

| **Сабактын максаты:** | **Сабактын көрсөткүчтөрү:**<br>**Максаттарга жетти дейбиз,эгерде окуучу...** |
|---|---|
| 1.Билим берүүчүлүк: Тамеки чегүү адамдын ден-соолугуна зыян экендиги жана тамекинин курамында зыяндуу заттар жөнүндө түшүнүк алышат; | Тамеки чегүү адамдын ден-соолугуна зыян экендиги жана тамекинин курамында зыяндуу заттар жөнүндө түшүнүк алышса; |
| 2.Өнүктүрүүчүлүк: Окуучулар тамеки тартуу өз ден соолугу үчүн зыян, маданиятсыздык, адепсиздик экенине ынанышат; | Окуучулар тамеки тартуу өз ден соолугу үчүн зыян, маданиятсыздык, адепсиздик экенине ынанышса; |
| 3.Тарбия берүүчүлүк: Сергек жашоо мүнөзүнө, тамекиге каршы акцияларга умтулууга өбөлгө түзүшөт; | Сергек жашоо мүнөзүнө, тамекиге каршы акцияларга умтулууга өбөлгө түзүшсө; |

**Сабактын тиби:**жаңы теманы өздөштүрүү

**Сабактын формасы:**топ менен иштөө

**Сабактын колдонулган ыкма:**проблемалуу метод

**Сабакта колдонулган каражаттар:**методикалык китептер,сүрөттөр,даяр тексттер,быйтыкчалар

**Сабактын жүрүшү**

| № | Сабактын этаптары | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш-аракети | Компетенттүүлүк | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу (мотивация) | -Окуучулар менен саламдашат;<br>-Окуучуларды толуктайт;<br>-Сабакка көңүл бурдурат;<br>Жагымдуу маанай түзүү | -Мугалим менен саламдашышат;<br>-Сабакта отургандарын билдиришет;<br>-Сабакка даяр экендигин айтышат;<br>Жагымдуу музыкадагы ырды чогуу ылдоо аркылуу маанайлары көтөрүлүт; | НК2 | | Сөз жүзүндө |
| 2 | Окуучулардын билимин актуалдаштыруу<br><br>Үй тапшырма | 1.Тамеки алгач кайда пайда болгон?<br>2.Тамекинин курамындагы зыяндуу заттар кайсылар?<br>3.Тамекиден пайда болуучу оорулар кайсылар?<br>4.Тамекинин адам балалсына жана коомго келтирген зыяндуулугу | Окуучулар билим билгичтиктерине карай суроолорго жооп беришет;<br><br>Берилген суроолорду анализдешет; | НК3 | ПК3 | Кол менен берги берүү |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | барбы? | | | | |
| 3 | Сабактын темасы,максаты жана күтүлүүчү натыйжалар менен тааныштыруу | Тамеки тууралуу сабактын максатын жана күтүлүүчү натыйжалар тууралуу айтат; | Окуучулар сабакты түшүнүүгө жана максаттарга жетүүгө умтулушат; | НК1 | ПК1 | Сөз жүзүндө |
| 4 | Жаңы теманы түшүндүрүү | 1-текст<br>Тамеки тартууга конгон адамдарды медицинада токсикоман- деп айтышат. Тамеки тартуу , арак ичуу жана наркотик заттарды алууда булардын жалпы таасири организмге бири-бирине окшош болот, бир гана айырмасы, тамеки наркотик менен аракка окшоп мас (эйфория) абалга салбайт.<br>Скекск жана синил кислотасы организмге өтө чоң зыяндуу өзгөрүүлөрдү алып келет.<br>Никотин деген сөз 1560-жылы Королева Екатерина Медичиге, анын жакыны Нико сый катары тамекинин майдасын жыттап рахат алуу үчүн тартуулагандан кийин келип чыккан.<br>ЮНЕСКОнун маалыматы боюнча Жер шары боюнча1,1 млрд. тамеки тарткандар бар экен. Көп тарткандардын катарына биздин өлкө да кирет. Статистиканын маалыматы жана врач-наркологдордун байкоосу боюнча, жаш муундардын тамекиге кунт коюп үйрөнүшүп  калгандары тынчсыздандырат. Тамекиге көнгөн адам андан оңойчулук менен кутула албайт. Бул өнөкөттөн кутулууда бирден бир жакшы «дары» ошол эле тамеки тарткан адамдын эрки (ал эми эрк ар бир адамда болот). Тамеки тарткан адам менен тамеки тартпаган адамдын айырмасын ким деле болсо байкайт. Тамеки тартпаган адамдын өңү ачык,көңүлү көтөрүңкү, сөздөрү так жана маанилүү болот. Ал эми тамеки тарткан адамдын эске тутуу процесси басандап, бир нерселер эсинен чыгып издеп, эсинде көп нерселерди туталбай,өзү арык, тез чарчап көп уктай турган болуп калат.<br>Тамекинин составындагы эң уулуу заттардын бири никотин, бул түссүз  майлуу суюктук. Анын жыты жагымсыз, дамы ачуу болот. Суда жана спиртте эрийт. | Класстагы үч топтогу окуучуларга ушул окшош текст таркатылып берилет. Окуучулар өздөрү билген маалыматтардан кошуп жазып Т схемасын иштешет.<br>Ар бир топтон окуучу чыгып призентация жасашат.<br><br>Ушул сыяктуу ойлорун кошуп айтышат<br><br>Үй-бүлөлүк казынага зыян келтирет.<br>Тамекиге көз каранды болуп калышат, сурап чегишет<br>Жагамсыз жыттанышат, өздөрүн карабай калышат<br>Айлана-чөйрөнү булгайт, адепсиздик дартка жолугушат<br>Чач, тырмактарыбузулат, бармактары саргаят<br>Рак оорусуна алып келет 90%<br>Тез картайтат<br>Оорукчан балдар төрөлөт.<br>«Өнөр» деп жүрүшүп,өлүмгө дуушар болушат.<br><br>Топтогу окуучулардан бирден чыгып т схемасын призентация жасашат | НК1<br><br>НК2<br><br>НК2 | ПК1<br><br>ПК2<br><br>ПК2 | Светафор<br><br>Светафор |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Никотин бөтөнчө уулуу зат, анын тамчысы килейген 3 атты өлтүрөт. Тамеки жай күйгөндө никотин түтүнгө 20%, ал эми бат күйгөндө 40% өлчөмдө кошулат. Ошондуктан тамеки тартып жаткан адамдын жанында олтурганга кобуроок зыяндуу болот. Айрыкча жабык болмонун ичинде таасири коп болот. | | | | |
| 5 | Сабакты бышыктоо<br><br>Кайтарым байланыш | 1-топтогу окуучулар элдик макалдарды чечмелешет<br><br>2-топтогу окуучулар<br>Накыл насаат сөздөрдөн таап айтып,алардын ойлорун талкуулап айтып беришет<br><br>3-топтогу окуучулар тамекинин зыяндуулугу тууралуу ыр чыгырып жыйынтык чыгарышат | **1-топ** ЭЛДИК МАКАЛ-ЛАКАПТАР<br>Тамеки чексең көпкөндөн,<br>Көк жөтөл чыгат өпкөдөн.<br>Ким чексе тамеки же нас,<br>Ал адам өзүнө-өзү кас.<br>Тамеки акмактанбай күйөт,<br>Ал бекерпоз адамды сүйөт<br><br>**2-топ НАКЫЛ НАСААТ СӨЗДӨР**<br>«Тамеки бүткөн бойго зыян келтирип, акыл эсти бузуп, бүтүндөй улутту мокотот».<br>О. Бальзак<br>«Никотин эске тутууну начарлатып, жөндөмдүүлүк менен эркти бошотот».<br>Н. А. Алехим<br>«Тамеки тартуу аңкоолук». В. Гётте<br>«Мас болуу-жиндиликке машыгуу» Пифагор<br>Сезиминде сан ойлорго куралам,<br><br>**3-топ** Сен тпртканда мен бул жакта бууланам,<br>Тукуму үчүн эл-журтумдун эртеңки,<br>Тамекини тартпагыла суранам! | НКЗ | ПКЗ | Бир сүйлөм менен жалпылоо |
| 6 | Сабакты жыйынтыктоо | 1. Эмне себептен тамеки чегишет?<br>2. Тамеки тартуунун өкүнүчтүү жери кайсы?<br><br>4.Тамекинин кулу болуу деген эмне? | Тамеки тартуу менен адам өз ден соолугуна жана жакындарына канчалык көп зыян алып келээрин түшүндүк деп ойлойм. Бул жаман адаттын дагы бир өкүнүчтүү жери, тамеки тартууга көнүп алган адам | НКЗ | ПКЗ | Сөз жүзүндө |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 5.Биз өзүбүзгө кандай жашоо тандашыбыз керек? | аны таштоодо өтө кыйналат. Кээ бир эркибош адамдар таштай албай жүрө беришет. Тамекинин кулу болуп жашаганча, сергек жашоо мүнөзүн тандап, куунак жана бактылуу, оорубай жашаганга аракет кылууну өзүбүзгө адат кылалы. Ар бир топтогу окуучулардын жообу | | | |
| 7 | Баалоо | Ар бир топтогу жооп берген окуучуларга быйтыкчаларды берүү менен баалоо.Ким канча көп быйтыкча чогултса ошол окуучу мыкты,жакшы деп табылат. | Сабакта активдүү катышкан окуучулар быйтыкчаларын санашат. | НК3 | ПК3 | Сөз жүзүндө |
| 8 | Үйгө тапшырма берүү | Кластер түзүү | Ар бир окуучу өз ойлорун жазып келишет | | | Сөз жүзүндө |

1. Чылым чеккен адам ар качан жагымсыз жыттанып жүрөт.





Тамекинин ден соолукка тийгизген терс таасирлери:

1. Тиштин бузулушуна жол ачат;




2. Чач, тырмактарга да олуттуу зыян алып келет;




3. Беттин терисин былбыратып, сулуулугун жоготот;




4. Жүрөк, өпкө, бөйрөк ооруларына чалдыктырат;




5. Ашказандын начарлашына алып келет;




Тамеки чегүү рак ооруларына жеткизет.

Тамеки төмөнкү органдарды ракка алып келет: өпкө, колко, кекиртек, ооз, тил, уйку бези, табарсык, бөйрөк.

